Эгиз жүрөк

Сенде бир жылуулук бар

Өзүңө тартып турган

Сен мага кымбат жансың башкалардан

Жан дүйнөм кыйналганда

Дарым сен айыктырган

Пири сен жылдыздардын жанып турган

Кайырма:

Эгиз жүрөкпүз бир жаралган

Бул сүйүүм мухит сага арналган

Муз жүрөк сени сүйүп сууга айланды

тамчылаган

Көздөрүң күйүп жаркыраган

Жашоомо бакыт тартуулаган

Асылым аруу кылыгыңа мен байланам

Сагынам бир өзүңдү

Жайнаган көздөрүңдү

Жалгызым балдай ширин сөздөрүңдү

Кыялга батып кетем

Көргөндө күлгөнүңдү

Жактырдым мен баарынан жумшак мүнөзүңдү